**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**

**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫКАТИНСКИЙ РАЙОН**

**ЫСЫК-АТИНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезектеги (бешинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 13-марты №25/V-29** **Алмалуу айылы**

**"Ысык-Ата" Муниципалдык ишканасынын жайыттарды өнүктүрүүнү ишке ашыруу боюнча 2025-жылга иш-чаралар планын, программасын бекитүү жөнүндө жана 2025-жылга малдын санын жана акы төлөмдөрүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №735 "Пилоттук режимде айыл аймактарынын деңгээлинде административдик-аймактык реформа менен камтылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө убактылуу жобонун" 4-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 4-беренесинин негизинде жайыт жерлерин үнөмдүү пайдалануу үчүн Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. "Ысык-Ата" Муниципалдык ишканасынын жайыттарды өнүктүрүүнү ишке ашыруу боюнча 2025-жылга иш-чаралар планы, программасы бекитилсин.
2. "Ысык-Ата" Муниципалдык ишканасынын 2025-жылга Ысык-Ата айыл аймагында малдын санына жана жайыт жерлерин колдонуу боюнча акы төлөмдөрү төмөндөгүдөй бекитилсин:
   -бодо малга ар бир башына 200 (эки жүз) сом (уй,торпок)- 4536 баш;
   -жылыкларга ар бир башына 200 (эки жүз) сом (жылкы)- 2391 баш;
   -кой эчкилерге ар бир башына 20 (жыйырма)сом-14351 баш;
   -жалпы чогулуучу малдан жайыт акысы 1672420 (бир миллион алты жүз жетимиш эки мин торт жүз жыйырма) сом;
   -ар бир мал сарайга бекитилип берилген 1 (бир)га жерге 2000 (эки миң) сом өлчөмү төлөнсүн (70 сарайга 140000 (жүз кырк миң)сом чогулсун.
   -бал челектерди кармоо (бир бал челеке) бир айды кошпогондо 100 (бир жүз) сом;
   - туризм жана эс алуусу үчүн тапчан коюуга жана боз үй тигүүгө, жеңил конструкциядан турган (капиталдык эмес) байланыш курулмаларын, сүт жыйноо жана алгачкы пункттарын малды жасалма жол менен уруктандыруу пункттарын орнотууга 0,01га жайыт жерине 500 (беш жүз) сом;
   -жайыт жерин чөп чабык катары колдонуу үчүн 0,01га жерге 20 (жыйырма) сом.
3. Бул токтомдун аткарылышы "Ысык-Ата" Муниципалдык ишканасынын жетекчисина жүктөлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын жер жана агрардык иштер боюнча туруктуу комиссия көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

Төрага Н.Ибраимов

**БЕКИТЕМ:**

**Ысык-Ата айылдык Кеңешинин төрагасы**

**Н.Ибраимов**_________

"13" 03. 2025

# Ысык-Ата айыл айыл өкмөтүнүн"Ысык-Ата" муниципалдык ишканасынын 2025-жылга карата жайыттарды өнүктүрүү программасы

## 1.Киришүү

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө" Жарлыгына ылайык жайыт жерлерин деградациясынын деңгээли олдутуу кооптонууну жаратат. Токойлорду ашыкча кыюу,климаттын өзгөрүшү, жайыт жерлерди иретсиз пайдалануу ,жер кыртышынын эрозиясына алып келмекчи жана айыл чарбасына терс таасирин тийгизет деп күтүлүүдө.

2025-жылга карата жайыттарын өнүктүрүүнүн тармактык программасын кабыл алуу жайыттарды туруктуу өнүктүрүүнүн өсүшүнө,жайыт инфраструктурасын калыбына келтирүүгө жана жакшыртууга шарт түзөт.

Программа Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021- жылдын 20 декабрындагы №570 Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы жөнүндө" Жарлыгына шайкеш келет Улуттук коопсуздукту камсыз кылуу кыргыз мамлекеттүүлүгүн камсыз коргоо Кыргызстандын мындан ары туруктуу,ар тарантуу жана ыратуу өнүгүшү,региондогу коопсуздукту жана туруктуулукту тийиштүү деңгээлде колдоо үчүн маанилүү процесс болуп саналат.Азык-түлүк коопсуздугуна жердин өзгөчөлүгүнүн жана айыл чарба жаныбарларынын башынын санынын эске алуу менен жайыт жерлерин сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу кирет.Жайыттарды башкаруу боюнча мурдагы программалардын аткарылышын баалоо боюнча милдеттердин көбү аткарыла элек,айрымдары чечилүүчү баскычта турат.

Айыл жергесинде жашаган жарандардын негизги киреше булагы мал чарбачылыгы болгондуктан, жайыттарды башкарууну жакшыртуу, жакырчылыктын деңгээлин кыскартуунун негизги звеносу болуп саналат.

## 11.Учурдагы абалды талдоо

Жайыт жерлердин деградациясынан төмөнкүлөрдөн келип чыгууда.

1)жайыттарды натыйжасыз башкаруу.

2) жайыт инфраструктурасынын бузулушу.

3)трансчек аралык аймактарды кошуп алганда жайыт ресурстары үчүн чыр-чатактар. Айыл аймактарынын,узак мөөнөтүү пайдалануу участокторунун(УДП)жана токой чарбасынын ортосундагы жайыт жерлери тууралуу талаш маселелер актуалдуу бойдон калууда;

4)илимий жана консультативдик колдоонун жетишсиздиги.бул жайыттардын натыйжалуу өнүгүүсүн токтотууда.

5) жайыттарды системалуу эмес пайдалануу. Республикада мал башынын туруктуу өсүшү байкалууда,жөнгө салынбаган мал жаюу жайыттардын экосистемасын бузулушуна алып келет натыйжада тоют чөптөрдүн азайышы,отоо чөптөрдүн кескин көбөйүшү.

6)климаттын өзгөрүшү.Айыл чарбасына.анын ичинде жайыттарга олуттуу зыянга учуроотучу кооптуу метерологиялык кубулуштар көбөйдү(суу ташкыны,сел,жер көчкү ,абанын температуурасынын кескин өзгөрүшү ж.б)

7) тегиз эмес пайдалануу,негизги көөгөй,мал жаюуда жайыттарды тегиз эмес пайдалануу болуп саналат,анткени калктуу конуштарга жакын жайгашкан жазгы жайыттарга мал толуп,алыскы тышкы жайыттар бош болуп,жайыт которуштуруу циклы сакталбай жатат.

Бул көөгөйлөрдү чечүү үчүн жайыттарды туруктуу башкарууга багытталган иш чараларды көрүү зарыл. Кыргыз Республикасын Суу ресурстары,айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министирлигинин мамлекеттик жайыт жерлерин сактоо,жакшыртуу өнүктүрүү продуктуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 04-/13/152 "Жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу боюнча планын иштеп чыгуу тартиби жөнүндө Типтүү жобону бекитүү тууралуу буйругу чыккан.Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ресурстары чектелүүлүгүнө байланыштуу,жогорудагы маселелер чечүүдө мамлекеттин дотациясына зарыл.

**111. Программанын максаты**

Климаттын өзгөрүү шарттарында жайыттарды сактоо жана жакшыртуу, Кыргыз Республикасынын жайыттарын натыйжалуу башкаруу аркалуу аркалуу айыл калкын жашоо деңгээлин жогорулотуу.

**1-милдет. Ченемдик укук базаны өркүндөтүү.**

**2-милдет. Жайыт ресурстарын башкарууда мамлекеттик органдардын,жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү коомчулуктун күчтөрүн жана каражаттарын бириктирүү**

**3-милдет. Жайыт инфраструктурасынын калыбына келтирүү.**

**4-милдет. Жайыттардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу**

**6-милдет. Жайыттарды башкарууда кадрларды даярдоо**

**-милдет. Консультациялык колдоо**

8.1. Ж0Б органдарынын агрардык багыттагы илимий уюмдар жана мекемелер менен кызматташтыгын жана байланышын бекемдоо.

8.2. Жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн жайыттарды пайдалануудагы алдыңкы методдорун үйрөнүү жана колдонуу.

**Жогоруда саналып өткөн Программанын артыкчылыктарынын күтүлүүчү натыйжалары боюнча жетишкендиктер төмөнкүлергө мүмкүндүк берет:**

1) жайыттарды башкаруу жана контролдоо, климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүүгө шарт түзөт.

2) инновациялык технологияларды, анын ичинде санариптештирууну колдонуу менен жайыттарды пайдаланууну жана башкарууну жакшыртууга;

3) деградацияланган жайыттардын аянтын кыскартууга жана жайыттардын

инфраструктурасын жана абалын жакшыртууга;
4) жайыттардын абалын жакшыртуу жолу менен парник газдарынын чыгуусун азайтууга ;
5) кооптуу метеорологиялык кубулуштардын терс кесепеттерин азайтууга;
6) айыл калкынын кирешелерин жогорулатууга;
7) азык-тулук коопсуздугун камсыз кылууга салымды жогорулатууга.

**VI. Программами ишке ашыруу механизмдери**

Программами ишке ашыруу этаптары Айыл чарбасынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен Программаны ишке ашыруу туз жана бир калыпта болушу мумкун эмес. ошондуктан ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу, жайыттарды башкаруунун жана пайдалануунун өндүрүштүк-технологиялык шарттарын тузуу, базистик аралыктагы жыйынтыктарга жетуу жана бекемдео аркылуу этап-этабы менен өнүктүрүү зарыл. Жайыттарды өнүктүрүү программасынын максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетүү эки этаптаө.

**Биринчи этап** (2024-2026-жылдар) - бул стабилдештируу-даярдоо этабы, анда өсүү потенциалын түзүү учуң негизги маселелер чечилүүгө тийиш. Бул - жайыттарды туруктуу башкаруу учун ченемдик укуктук базаны тузуу, жайыттарды жакшыртуу боюнча иш-чараларды өткөрүү, жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүү, окутуу иш-чаралары, кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу.

**Экинчи этап** (2027-2029-жылдар) - бул жаңы илимий негизделген технологияларды колдонуу менен жайыттардын абалын жакшыртуу боюнча туруктуу платформаны тузуу жана бекитуу этабы. Ж0Б органдарынын окутулган өүулдөрүжайыт пайдалануучулар климаттын өзгөрүү шарттарында жайыт жерлерин туура пайдалануу аркылуу жайыттарды өнүктүрөт жана жакшыртат.

Тиркеме тиркелет: 2-барак

Башчы А.Дононбаев

МИ башчысы А.Абдураимов

**Ысык-Ата айыл айыл өкмөтүнүн Ысык-Ата МИ 2025-жылга карата Кыргыз Республикасынын жайыттарын өнүктүрүү программасынын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы**

| № | Милдеттер | Иш аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Аткаруучулар | Каржылоо булагы | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1.Жайыттардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу.дегредацияланган жайыттарды калыбына келтирүү | Жайыттарга үрөн себүү-75 кг Тогуз Булак айылына | 2025 жыл | МИ жана ЖӨБ | РУЛР. МИ | Жайыттардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, үрөндөрдү себүү |
| 2 | | Жайыт жерлерин сугаруу, ар бир айылга органикалык жер семирткичтерди пайдалануу 90-га | 2025-ж | МИ жана ЖӨБ,фермерлер. жеке жарандар | Тартылган каражаттар | Жайыттардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу |
| | | Суусамыр жайлоосундагы Ысык-Ата айыл айыл өкмөтүнүн Ысык-Ата МИшканасына тиешелүү жерлерге малчылар үчүн жыгачтан,вагондон жасалган жыгач үйлөрдү орнотуу | 2025-ж | МИ жана ЖӨБ,фермерлер. жеке жарандар | ЖӨБО, МИ | Малчыларга алыскы жайлоолордо кам көрүү |
| | | Көчөттөрдүн түрүн сатып алуу жана отургузуу иш-чараларын уюштуруу | 2025-ж | МИ жана ЖӨБ,жеке жарандар | ЖӨБО, МИ | жайыттарды өнүктүрүү жанаэкологияны жакшыртууга өбөлгө түзөт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | . | Жайыттарды ротациялык методдорун киргизүү.(жайыттарды эс алдыруу) | 2025-ж | | МИ бюджетинин чегинде | жайыттарды эс алдыруу |
| 2- бөлүм .Жайыттардын климаттын өзгөрүсүнө адаптациялоо | | | | | | |
| 4 | 2.1.гидрометерологиялык кубулуштартардын кесепеттерин азайтуу жана прогноздук чечмелөө боюнча айыл чарба адистеринин, малчылардын, фермерлердин потенциалын жогорулатуу. | Климаттын өзгөрушунө байланыштуу маселелерди чечүүдө эл аралык коомчулуктун демилгелерине катышуу, малчыларды жана фермерлердин окутуу, жана семинарларга, тренингдерге катышуу | 2025-2029 жж | МИ | МИ бюджетинин чегинде | Климаттын өзгөрушунө байланыштуу маселелерди чечүүдө эл аралык коомчулуктун демилгелерине катышуу айыл чарба адистеринин,малчылардын, фермерлердин потенциалын жогорулатуу. |
| **3. Жайыттарды пайдалануу жана башкаруу чөйрөсүндө кадрларды даярдоо жана билимдерин,көндүмдөрүн өркүндөтүү** | | | | | | |
| | 3.1. ЖӨБ органдарынын жана МИ адистеринин, жайыт пайдалануучулардын потенциалын жогорулатуу. | ЖӨБ органдарынын жана МИ адистеринин, жайыт пайдалануучулардын Жайыттарды натыйжалуу боюнча башкаруу жана пайдалануу тренингдерди жана семинарларды өткөрүү | 2025 жыл | МИ .ЖӨБ | Тартылган каражаттар | жайыттарды пайдалануу жана башкаруу боюнча адистердин потенциалын жана квалификациясын жогорулатууга өбөлгө түзөт |

Башчы А.Дононбаев

МИ башчысы А.Абдураимов